# МУГАЛИМДЕРДИН ЧЕБЕРЧИЛИГИН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ПЕДАГОГИКАЛЫК ОСУЯТТАРДЫН МААНИСИ

У.А. Боталиева, Ж.Б. Карасартова
*К.Тыныстанов ат. Ысыккөл мамлекеттик университети*

Өнүгүү жолуна түшкөн Кыргызстандагы кайра куруулар жана реформалар бүтүндөй элге билим берүү системасында да ишке ашырылууда.

Азыркы учурда элге билим берүү ишин кайра курууда мугалимдик кесип өзүнүн социалдык баалуулугун жана коом тарабынан сый-урматын жоготуп, окутуу начарлап, учурда мугалимдер жашоонун проблемасы менен убара болууда. Ошол себептүү педагогикалык процессти ишке ашырууда уюштургуч, чыгармачыл, ишмердүүлүгүндө инсандык жана кесиптик сапаттарды айкалыштыра билген чыныгы чыгармачыл мугалимдер талап кылынары шексиз.

Ошондуктан азыркы мезгилдеги мектептин мугалимдерине, жалпы эле педагогикалык иш-аракетти аркалагандарга жаш муундарды тарбиялоо, билим берүү, окутуу аркылуу ар тараптан гармониялуу өнүктүрүү ишин эффективдүү иш жүзүнө ашыруу максатында төмөндөгү педагогикалык мазмундагы осуяттарды талдап көрөлү.

Кызыктуу окут, бардык окуучуларды окуганды билүүгө жана окуганды каалоого тарбиялай бил.

Окуучулардан керектүү натыйжаны буйрук берүү, кыйноо аркылуу албастан, ага керектүү болгон ишке окуучуну эч кандай башкаруусуз, аны кызыктырып тартуу аркылуу алууга болот. Тигил же бул предметке болгон кызыгуудан окутуучуга жана окууга болгон мамиленин өзгөрүшү тууралуу ойду Н.А.Добролюбов айткан. Кийинчерек бул тууралуу А.С.Макаренко дагы өз оюн айтып өткөн. Начар баалар жана окуучулук турмуштагы кыйынчылыктар окуучунун көңүлүн жана жашоого болгон кызыгуусун төмөндөтөт деп эсептеген. Натыйжада бир өңчөйлүктү жана жашоонун «сур» мүнөзүн көтөрө албаган балдар жашоонун башка көрүнүшүнөн оптимисттик перспективаларды издей баштašат. Мисалы, эч нерсеге шыгы жок, эч нерсеге кызыкпайт деп начар окуган, тартипсиз бала тууралуу класс жетекчи көп айтат эле. Бирок, бул бала ит багуучулар клубуна мүчө болуп киргенден кийин ал И.П.Павловдун эмгектерин окуп, изилдеп биологияга кызыгып кеткен. Бара-бара кружоктун башчысынын жардамы менен үй тапшырмаларын аткарып, «2»лерин оңдоп, мектепти жакшы бүткөн мисал күбө боло алат.

Эсиңде болсун: өзүндө күйгөн оту бар адам гана башкалардын жүрөгүнө от жага алат.

Ушул идея боюнча белгилүү педагог К.Д.Ушинский мындай деп айткан: «Мугалим өзү билим алып турганда гана жашайт, качан ал билим албай калганда андагы мугалимдик өлөт». Бул жерде иш анын билиминин көлөмүндө гана эмес, ал билимин башкаларга бере алуусунда. Мугалим эффективдүү окуу эмгегинин билгичтиктерин окуучуларга ал билимге өзү ээ болгондо гана бере алат деген.

«Иш жүзүндө колдонуу – окутуунун энеси» деген принцип менен окут. Окуучуларды алган билимдерин иш жүзүндө колдонууга үйрөт. Бул аң-сезимдүү окутуунун негизги шарты.

Демек теориялык даярдык, коомдук илимдерди изилдөө окуучулардын практикалык иш-аракеттери менен айкалышат. Адамдын инсандуулугу иш-аракетте түзүлөт жана андан байкалат. «Сен эмнеге кызыгасың?» - деген суроого бүгүн окуучулардан бир жооп, эртең башка жооп, балким такыр эле чын жооп ала албашыбыз мүмкүн. Бул же тигил иш-аракетке катышып жатып окуучу өзүнүн кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн жашыра албайт.

Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн проблемалуу окутууну колдон. Эсиңде болсун: ой жүгүртүү проблеманы коюудан башталат жана аны чечүүгө багытталат.

Ошондуктан келип чыккан кыйынчылыктарды жоюуга ачык маселелердин сабактары жардам берет. Бул сабактарда ар бир окуучу өзү кыйналып чече албаган маселелерди чечип берүүсүн өтүнүп мугалимге кайрылууга акысы бар. Ачык маселелердин ар бир сабагын окуучулар кичине майрам катары сезишет. Бул сабактар көчүрүп алууга аракеттенүүлөрдү толугу менен жокко чыгарат, мугалимге окуучулардын өз алдынча иштерин активдүү башкарууга мүмкүндүк берет.

Биринчи эле иш ордунан чыкпай калганда кимдир бирөөдөн жардам сурабоо, чечилбей жаткан маселенин чечилишин табууга туруктуулук менен изденүү – бул сапаттар бүгүнкү күнү ар бир окуучуга таандык болууга тийиш. Ал эми чыгармачылык менен ойлонуу өзүнөн-өзү келүүсү мүмкүн эмес. Демек эрктүүлүктү жана максатка умтулгандыкты тарбиялоо мугалимдин бүткүл тарбиялык камкордугунун негизги бөлүгүн түзүүгө тийиш.

Балдардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын өнүктүр. Өзүлөрү жасай ала турган жана жасоого милдеттүү иштерди алар үчүн өзүң жасаба. Окуучулар сенден көп жардам күтпөшүнө, аларда сага болгон муктаждык аз болушуна умтул, бирок сен аларга керек экендигиңди унутпа.

Ошол себептүү окуучулардын билгендерин практика жүзүндө колдонууга, ар кандай тапшырмаларды аткарууга, маселелерди чечүүгө үйрөтүүдө өз алдынча изденип иштөө методу колдонулат. Балдардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын өнүктүрүү – бул мугалимдин эң негизги милдети. Ошондуктан мугалим – окуучунун жол көрсөткүчү болуп саналат.

Адамдын өнүгүшү ар дайым активдүү иш-аракет аркылуу жүрөт. Окуучулардын иш-аракетин уюштурууну жана ал иш-аракетти башкарууну бил. Тарбиялоодо таасирлерин өзүң көзөмөлдөй ала турган гана каражаттарды колдон.

Белгилүү педагог В.А.Сухомлинский «Эң коркунучтуу нерсе – бул партада отурган баланын күн сайын алты саатка созулуп, айларды, жылдарды уурдаган бекерчилиги. Бул адамды адамдыктан калтырат да кийин буга өндүрүштүк бригада да, мектеп участогу да, мастерской да жардам бере албайт. Эң башкы жактагы, акыл-ой мээнеткечи боло турган жердеги, жоготуунун ордун эч нерсе толтура албайт» - деп айткан.

Албетте адам активдүү иш-аракеттин натыйжасында өнүгөт. Бала биринчи класска киргенден баштап эле эмгектене баштайт. Окууну бүткөнчө ал билимдүү, илимдүү болуп чыгууга аракеттенет. Мугалим балдардын иш-аракетин туура уюштуруп, белгилүү бир максатка багыттоосу керек. Бул учурда тарбиялоодо ар бир баланын психологиялык, социалдык ар кандай деңгээлине жараша каражаттарды колдонуу керектиги күтүлөт.

Педагогикалык максат дайыма баланын инсандыгын өзгөртүүгө багытталган. Тарбиялоо процессинде педагогикалык максатты, конкреттүү бир ишти аткарууга багытталган, предметтик максат менен алмаштырба.

Адам, качан гана ал башка адамдын коллективинде, адамдык коомдо жашаганда гана адам боло алат. Буга жаныбарлардын арасында өсүп калган балдар мисал боло алат. Мындай көрүнүштөр тарыхта болуп, жана аны Р.Киплинт өзүнүн «Маугли» деген чыгармасында чагылдырган. Ал бала жаныбарлардын арасында өсүп, алардын мүнөздөрүн алып, адамдык сапаттарды калыптандыра алган эмес.

Ал эми адам коомунда бала кадимки тирүү жандык катары, коомдук жана өзүнө окшогон адамдар катарында жашап пикирлешет, окуйт, эмгектенет, көркөм

баалуулуктарды алат. Өсүп келе жаткан бала адам түзгөн дүйнөгө кирип, анын мүчөсү, улантуучусу болушу керек.

Ошол эле учурда баланы адамдар коомунда жашоого үйрөтүү зарыл. Мына ушул учурда педагогиканын илим катары негизги милдети келип чыгат – адамды адам кылуу, башкача айтканда, мугалим бул педагогиканын максатын жеке бир нерсеге багытталган максат менен алмаштырбай, «адамдын адам» болуусуна жардам бериши керек.

Окуучуга өзүнүн реалдуу өнүгүү деңгээлине жараша талаптарды кое бил, ошондон кийин гана сен тарбиянын натыйжасына жетесиң.

Балдардын мүмкүнчүлүктөрү, жөндөмдүүлүктөрү ар түрдүү. Ошондуктан мугалим аларды туура билип, туура баалап ага жараша мамиле жасоосу зарыл. Мисалы, 1-«А» классты алсак, бул класстагы балдар өнүгүү деңгели боюнча «Б» класстагы балдарга караганда жогору. Ошондуктан аларга тапшырманы көбүрөөк, татаалыраак берсе болот, ал эми «Б» класска тапшырмаларды жөнөкөйүрөөк, азыраак берүү керек. Ар бир балага да ушундай мамиле жасоо зарыл. Анткени, бир эле класстын ичинде дагы деңгээлдери жогору, төмөн болгон балдар болот. Ушунун натыйжасында гана мугалим-тарбиячы жакшы жыйынтыктарга жете алат.

Мекенин сүйүүгө тарбиялоо менен балдарды жашоого, эмгектенүүгө үйрөт, бул иште өзүң үлгү боло бил.

Атамекенге болгон сүйүүнү тарбиялоо педагогиканын негизги, башкы принциби болуп эсептелет. Атамекенди сүйүүгө жана бакубат жашоого умтулуу ар бир инсандын парзы. Бардык нерсе төмөндөн жогоруга өнүгөт. Ошол инсанды атуулдук, гумандуулук сезимге үйрөтүү ар бир педагогдун милдети жана ал өзү дагы окуучуларга үлгү болушу керек. Педагогдун үлгүлүү жүрүш-турушу ар бир окуучуга идеал болуп, ал мугалимдин жакшы сапаттарын өзүндө калыптандырууга умтулушат.

Эсиңде болсун, сен дайыма мугалимсиң жана тарбиячысың. Окутуп жатып окуучуларды тарбиялайсың.

Ошондуктан тарбиялоо – бул тарыхый, конкреттүү коомдук көрүнүш, анын өзгөчөлүгү балдарды өндүрүмдүү эмгекке жана руханий иш-аракеттерге, коомдук жашоого катышууга даярдоодо, социалдык функциясынын аткарылышында болуп саналат. «Балдарды туура тарбиялоодон бүт элдин бейпилдиги көзкаранды» - деп Джон Локк айткан.

Демек, окутуу, тарбиялоо көптөгөн кылымдар бою келе жаткандыгына карабастан азыр ал мугалим үчүн да, үй-бүлө үчүн да оор. Коомдун жашоосу оордогон сайын окутуу, тарбиялоо дагы оорлоодо. Анткени баланы мугалим гана эмес, айлана чөйрө дагы тарбиялайт.

«Тарбиялоо – чоң иш: аны менен адамдын тагдыры чечилет» -- деп В.Белинский айткандай мугалимде эң чоң жоопкерчилик жатат.

Ошол эле мезгилде К.Маркс айткандай: «Эң чоң ырахат, жашоонун сүйүнүчү – адамдарга өзүңдү керектүү, жакын сезүү» сезими да коштоп турат.

Бардык жерде, бардык нерсеге өрнөк жана үлгү бол. Өзүңдүн каталарыңды мойнуңа ала бил жана оңдой бил. Сенин артыңдан ондогон көздөрдүн дайыма көзмөлдөп, байкап жүргөндүгүн унутпа.

Мугалимдик кесип эң оор жана татаал кесиптердин бири. Ошол себептүү инсандын жан дүйнөсүнө үңүп кирип, андан улам жаңы ачылыштарды ачуу менен ал инсандын андан ары өнүгүшүнө түрткү берүүчү коомдо белгилүү бир орду бар кыймылдаткыч күч болуп саналат.

Ал ар тараптан өнүккөн жана окуучуларга үлгү болуусу зарыл. Бүгүнкү жасаган каталарыңды эртеси оңдогонго аракет кылып, окуучулар астында эч качан өзүңдүн

кемчилигиңди көрсөтпөгөнгө аракеттенүү керек. Бул сапатты ар бир педагог алып жүрүүсү зарыл.

Эсиңде болсун: тарбиялоодо окуучулардын жаман жүрүш-турушуна эмес, ошол жүрүш-турушту пайда кылып жаткан себептерге таасир этүү зарыл.

Белгилүү орус окумуштуусу Д.Писарев айткандай: «Тарбиялап жатканда, иштин баары ким тарбиялаганда» - деген цитатанын маанисине көңүл буралы. Себеби, бардык инсандын жүрүш-турушу тарбиядан башталат жана ким тарбиялаганында болот. Педагог окуучунун жаман жүрүш-турушунун себебин, анын азыркы чөйрөсүндөгү болуп жаткан көрүнүштөрдү изилдеп билиши жана анын терс таасирлерин жоюп, окуучуну жакшы жакка үйрөтүүгө умтулушу керек. Ал үчүн ар кандай ыкмаларды, методдорду пайдаланып, ошол окуучунун жаман иштерди кайталабастыгына таасир этүү менен аны жакшы нерселерге кызыктыруу керек.

Окуучулардын өзүнүн күчүнө, жөндөмүнө болгон ишенүүсүн пайда кыл, аларга өзүн-өзү тарбиялоосунун жана жетилүүсүнүн жолдорун көрүүгө жардам бер.

Мугалим абдан оор процессти башкарат – башкача айтканда, инсандын негизделүүсү. Бул процесстин оордугу тарбиялануучунун инсандуулугун ар дайым өзгөртүп турушу менен аныкталат. Окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө, күчүнө болгон ишенүүсүн жоготпой, аны арттыруу максатында «бул сенин колуңдан келет», «кечегиден бүгүн жакшы жазыпсың», «мен сенин аткара аларыңа ишенгем», «көрдүңбү аракет кылса баарын жасоого болот» ж.б. ушул сыяктуу дем берүүчү мамиле кылса анда сөзсүз оң натыйжа болоруна талаш жок.

Эсиңде болсун: тарбиялоонун негизги куралы – сүйүү, сыйлоо, боорукердик, ишеним, акыйкаттык жана калыстык. Биринчиден педагог кең пейил адам болуу менен балдарды ошол балалык турпатында сүйө билүүсү керек. Шогубу же элпегиби, зээндүүсүбү же орто заарбы, жалкоосубу же аракетчилби баарын бирдей сүйүүгө тийиш жана бирдей жагдайда бөлүштүрүлүшү керек. Бул класс менен алака мамиленин башкы мотиви, стимулу болот. Көбүнчөсү жайдары жүргөн, кең пейил педагог - нукура педагог, ошонусу менен кесиптик бактыга ээ болот. Мына ушундай дайыма балдарды түшүнө билген педагог-оптимисттердин болушу бардык мезгилде зарыл.

Өз билимиңди жогорулатуу жана өзүңдү-өзүң тарбиялоо ишин жүргүзүп тур. Сен өзүң окуп, өзүңдү-өзүң тарбиялап турган учурда гана башкаларды окутуп тарбиялай аласың.

Ар дайым окуп, өз билимин толуктап туруу мугалим үчүн негизги профессионалдык сапат болуп эсептелет. Бул жерде негизги маселе мугалим эффективдүү окуунун эмгегине окуучуларды качан ал өзү окуу эмгегинин маданиятына ээ болгондо гана үйрөтө ала тургандыгында. «Өзүңдө бар нерсени гана башкаларга берүүгө болот» деген накыл сөздүн философиялык мааниси ушул жерден даана ачылат.

Ар бир окуучунун жүрөгүнө жол тапканды бил. Жеке өзүнүн өнүгүүсүнүн үстүндө иштөөгө каалоосун, умтулуусун жана ыгын ойгот.

Мугалим ар бир окуучуну түшүнө билип жана алардын ар биреөсү менен жакшы мамиле кура билиш керек. Бул үчүн мугалим чыдамдуу жана эрктүү болуш керек. Белгилүү сынчы В.Г.Белинский айткан: «Тарбиялоо – бул улуу иш, анткени аны менен адамдын тагдыры чечилет».Чындыгында педагог ар бир окуучунун ар тараптан гармониялуу өнүккөн инсан болуп чыгуусуна чоң таасир берет. Ар бир окуучунун жакшы нерселерге болгон кызыгуусун, келечекке болгон умтулуусун чыныгы педагог гана ишке ашыра алары шексиз. Бул ойду В.Гетенин «Бизди окуткандар биздин мугалимдер деп аталганы туура, бирок бизди окуткандардын бардыгы эле бул атка татыктуу эмес» деген сөздөрү менен дагы бир жолу баса белгилесек болот.

Ошентип мугалимдин чеберчилик ишмердүүлүгүнүн өзөгү балдардын инсандык аброюн сыйлоо, кесибин сүйүү, сабырдуулук, акыйкаттык, тең укуктуулук сыяктуу сапаттар менен чектеш.

Ошондуктан келечектеги жаш муундарды тарбиялап окутууда мугалимдин чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн, чеберчилигин өнүктүрүп калыптандыруу бирден - бир актуалдуу жана перспективдүү маселе бойдон кала берет.

АДАБИЯТТАР

1. Батурина Г.И., КузинаТ.Ф. Введение в педагогическую профессию. -М., 1998.
2. Станкин М.И. Профессиональные способности педагога. –М., 1998.
3. Сластенин В.А. Профессиональная культура педагога. –М., 1993.
4. Основы педагогического мастерства /Под ред. Зязюна И.А. -М., 1989.

## ЗАВТРА НАЧИНАЕТСЯ СЕГОДНЯ

К.М. Турганбаева

*Кыргызско-Узбекский университет, г. Ош*

Значимость человека определяется не тем, чего он достиг, а скорее тем, чего он дерзает достигнуть. С целью найти своё место в жизни, найти дело, которое будем любить, мы после окончания среднего образования поступаем в высшее учебное заведение.

Согласно ст.32 п.4 Конституции КР каждый гражданин имеет право на получение как бесплатного, так и платного образования.

Моим выбором стал Кыргызско-Узбекский университет в г.Ош, так как здесь я нашла свою будущую профессию, остановилась на специальности «Стандартизация, сертификация и метрология». Выбрать профессию – значит, приготовиться служить своему делу всю жизнь, изо дня в день, принимая всё, что с ним связано,- романтическое и будничное, увлекательное и кропотливое, требующее терпения, выдержки, усердия.... Одним словом, выбор дела – выбор судьбы.

Мои золотые студенческие годы начались в инженерно – технологическом факультете в 2003-г. Инженерную деятельность я считаю приоритетом в развитии экономики нашей страны. Могу отметить, что даже наш Курманбек Салиевич в своё время работал инженером. В своей программе на должность Президента ещё в 2005 г. он говорил, что повысит престиж инженерных специальностей. В делах человеческих разбирается тот, кто больше наблюдал. В конкретном смысле, долг моей профессии – это защита рынка от некачественного товара и предостережение потребителей от вредной для здоровья и жизни продукции.

Для достижения успехов в будущей карьере мы должны учиться так, как будто нам предстоит жить вечно; жить так, как будто нам предстоит умереть завтра. Нельзя бесполезно терять ни одной драгоценной минуты нашей жизни. Мы видим цель, но всегда видим дорогу. Чтобы найти правильный путь к самой вершине наших стремлений нам предстоит, прежде всего, получить качественное высшее образование. Что же я подразумеваю под словом «качественное»? Тут не помешает напомнить о том, что же лучше предпринять в учебном процессе вузов: гуманитарные дисциплины или же дисциплины по специальности? Какой толк в том, что гуманитарные дисциплины включаются в учебную программу до III курса? Конечно, на первый год – на два семестра это не принесёт никому вреда, как говорится «Повторение – мать учения». Но проходит ещё два года, то, что уже пройдено в школе, думаю, в большей степени не вносит вклад в качество образования. По-моему мнению, на повышение качества обучения гуманитарным дисциплинам должно уделяться особое внимание лишь в школе, а в вузе лучше больше настроиться на специальные дисциплины. Особенно, нужно больше практических занятий для закрепления теоретических знаний. Бесконечные часы лекционных